## ӨЗГӨРГӨН ДООРДОГУ ИСЛАМ ДИНИ

Ислам дининин коомдук жашоодогу бүткүл көрүнүштөрү ыйык кабарга негизделген Аз.Пайгамбар вахийге баш ийип, жаңы шарттарга жараша жаңы жорумдарды (ой, көз караш, түшүнүк) негиздеди. Пайгамбарыбыздын өмүрүнүн акырына чейин келген ар бир вахий, өзгөрүлбөс жашоонун ар кыл маселелерин чечүүдө маанилүү принцип (жол-жобо) болгон.

Аз.Пайгамбар бул дүйнөдөн кеткенден кийин вахийдин (куран) түздөн-түз жол башчылыгы үзгүлтүккө учураган жана жалпы мыйзам ченемдүү түшүнүк боюнча, Аз.Пайгамбарга келген вахийлердин толукталгандыгы жана эч кемчилиги болбогондугу кабылданган. Вахий жазылган нерселердин (таш, тери, чүпүрөк, сөөк ж.б) баары чогултулуп, бүгүнкү күндөгү Куран жазылган жана аны өзгөртүү эч качан мүмкүн эмес. Ошентип ислам дининин негизги китеби пайда болду. Ошол эле учурда Аз.Пайгамбардын хадистери дагы жыйналган жана алар текшерүүдөн өткөрүлгөндөн кийин убак-убагы менен хадис жыйнактары түзүлгөн. Пайгамбарыбыздын бүткүл кылган иштери толук мааниде чагылдырылган. Бул адабиятта (хадис) Курандан кийинки булактар кабыл алынган. Сүннөт болсо мына ушунтип келип чыккан.

Жалпы мусулман үммөтүнүн саясий жетекчиси ким болуш керек?-деген маселе Аз.Пайгамбардын көз жумушунан кийин эле пайда болгон чоң проблема. Кандай жол менен мамлекет башчысы тандалып алына тургандыгы Куранда дагы, сүнөттө (хадистерде) дагы айтылган эмес эле .Бирок мусулмандар, буга карабай бул эки булактын негизинде эң алгачкы жана жаңы саясий системаны курууга жетишишти. Аз.Омор дагы өз учурунун татаал шарттарын эң жакшы өздөштүрүп, Кураны-Керим жана сүннөттүн принциптерин иш жүзүнө ашырууда ийгиликке жетишкен. Мындай иш чараларды төрт калыйпа (халифа) тең аткарышкан жана алар эч бир убакта Кудайдын алдына да, өз элинин алдында да жоопкерчиликтүү экендигин унутушкан эмес.

Аз.Осмондун мусулмандар тарабынан өлтүрүлүшү менен Ислам дүйнөсүндө радикалдуу ооруулар келип чыкты. Мунун негизинде келип чыккан карама-каршылыктар ыйман принциптери менен байланышкан суроолорду актуалдуулукка айландырган жана ал суроолорго жооп берүү максатында жазылган адабияттардын саны көбөйгөн. Бирок, ошол кездеги карама каршылыктар бүгүнкү күнгө чейин уланган. Мына ушундай көрүнүштөр Ислам дининин алгачкы абалына таасир эткен, б.а. бул карама-каршылыктар, пикир келишпестиктерден кийин Ислам дүйнөсүндө прагматизмди жактаган, асыл негизги кайтууну көздөгөн же болбосо тайпалар коруна баштаган. Булардын ортолорунда болгон карым-катнаштар кийинчерээк боло тургандыгы тарыхый

прогресстердин себептери болуп калды.

Амавийлер доорунда Ислам дининин бийлиги кубаттанып көп сандаган окумуштуу-аалымдар өсүп чыккан. Аалымдар жүргүзүлүп жаткан бийликтин шариятка туура келип, келбегендиги жөнүндө өздөрүнүн ой-пикирин айтышчу. Ошонун негизинде Ислам адабияты өсүп, өнду.

750-жылы Амавийлердин ордун Аббасийлер ээледи. Бул империянын ичине араптардан башка Иран өлкөсү башында турган ж.б. элдер да кирген. Ошентип, араб падышачылыгы Ислам мамлекетине айланды. Аббасий бийлигинин алгачкы мезгили орто кылымдын Ислам маданияты гүлдөп өсүп, ынтымак, бирдик көздүн карегиндей сакталып турган доор болду. Бирок, Испанияга окшогон Ислам дүйнөсүнүн кээ бир өлкөлөрүндө Аббасий халифатынын бирдигине кирбей калгандар да болгон. Мындай саясий абал Ислам саясий традициясына кайрадан көз жүгүртүүнү талап кылды жана жаңы ой-пикир синтезине жол ачты. Бул доордо Ислам укугу калыптанды жана Ислам философиясынын зоболосу бийиктеп өсүп, өөрчүдү. Сунний Ислам түшүнүгү дагы бул мезгилде тамыржаады жана уюмдашты. Муну мене бир катарда Ислам аалымдарынын жаңы адаттарды (салт-санаа) динге киргизүүсү өсүп өнүгүүгө болгон дагы бир башка кадам катары саналат.

Аббасийлердин саясий биримдиги ар түрдүү карама-каршылыктардан кийин өзүнүн кубатын жогото баштады. Аймактык амирлер саясий бийликти өз колдоруна алышы менен халифат султандыкка өтө баштады. Чындыгында халифат, төрт халифадан кийин Эмевийлердин доорунда эле, султанчылыкка айланган болчу. Ал эми Аббасийлер болсо мунун (султанчылыктын) көрүнүшүнө гана жаңылык киргизишкен. Халифа, султан жана аалымдардын ортосундагы бийликке болгон мамиленин негизинде түшүнбөстүктөр болсо да, христиан чиркөөсү жана мамлекет сыяктуу бөлүнүү эч качан болгон эмес.

Халифалардын бийлиги өз күчүн жогото баштаганда, аскер башчыларынын бийликтеги өктөмдүүлүгү артты. X кылымдан баштап, аскер өз кубатын эски урууларлын ордуна Орто Азия түрк калктарынан ала турган болду. Аскерлердин кээ бирлери эркин болуп, андыктан аларга акча төлөнчү. Бирок, көпчүлүгү кул базарынан алынып «мемлук» деп аталыша турган. Бул аскер адамдары көп өтпөй эле аймактык бийликтерге жетишишти жана халифалык бийликтен бөлүнүп чыгышып, өзүнчө эгемендүү султандыктарды курушту. Ошондой болсо да укук жана сөз жүзүндө халифага баш ийишкен. Ислам үммөтүнүн биримдигин, ынтымагын андан ары коргоп, кубаттандырууга аракеттенишкен.

X кылымдын аягында халифаттын басымдуу бөлүгүн саясий аскердик жактан көзөмөлгө алуу жогоруда айтылган аймактык аскер башчыларынын колуна өткөн. Бул генералдар Ислам дининин жол башчысы катары көрүнүүгө аракеттенбестен аалымдардын айткан пикирлерин жана шарият укук системасын иш жүзүнө ашырууга далалат кылышты. Мына ошентип бул кылымдан баштап, бөлүнгөн мусулман аскер мамлекеттеринин федерациясы жөнүндө сөз кылууга болот.

Аалымдар бара-бара өздөрүнүн аткарган милдеттери боюнча мусулман үммөтү ичинде кесиптик бир тапка айлана башташты. Ислам укугунун калыптанышы менен аалымдардын өсүп чыгышынын бирден бир себеби болгон Исламий таалим тарбия калыптанды. Төрт мезхеб тарбия берүүнүн маңызын өзгөрткөндөй эле социалдык жашоого да олуттуу таасирин тийгизди. Аалымдар коомдун пакизалыгын коргоо менен бир катарда бардык нерсе үчүн маанилүү

коомдук чөйрө катары жашай баштады.

Ислам дини алгач жайыла баштаган доордо, өзүн бүткүл жаман нерселерден алыстатып, такыба адам катары өсүп-өнүккөн жана кийинчерээк суфийлик деп атала баштаган, мистикалык-диндарлык адаттар жана келам түшүнүгү жаралып жашай баштаган. Бул традициялар коомдун суфий жамаатарында калыптана баштады. Булар тарикаттар деп аталган. Тарикаттарды атактуу суфий шейхтери уюштурду жана расмий болбогон мурит талаба топторунун аракеттеринин натыйжасында пайда болду. XII кылымдан баштап бул топтор расмий түрдө уюштурула баштады дагы, жамааттардын, көрүнүктүү (популярдуу) болуп калышты. Алар коомдогу бүтүндүктү (гармонияны) камсыз кылышты жана адамдардын бири-бирине болгон мамилесин оң жолго салууда зор роль ойношту. Ал тарикаттардын ичинде ар бир мусулман коомдук жашоодогу өз ордун таба алчу. Ислам укугу негизинде тарикаттарда динибизде болбогон нерселерди жасоого уруксат беришчү, бирок, эгерде бул тарикаттар бийликке каршы жүргүзүлгөн иш аракетке көмөкчү болсо, ошол замат жоюлчу.

Мына ушундай көз караш, философия жана укук окууларындагы окуп-өнүгүүлөр менен Ислам дүйнөсү XVI кылымга жетип келди. Бул кылымда жаңы өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы бышып жетилди. Конуни Султан Сулайман мамлекеттик башкарууну Ислам укугуна шайкеш келтире тургандай иш-аракеттерди баштады. Сүнний мусулмандардан бөлүнүп кеткен топторго катуу көзөмөл жүргүзүлдү. Себеби көптөгөн ак жолдон адашкан жамааттар Ирандагы шии Селефийлер менен байланышып, бийликке каршы иш аракеттерди жүргүзүшкөн. Ошол эле учурда Ислам дүйнөсүндө динди фундаменталдуу негизде жашоону каалаган үч жамаат болгон:

1. Ынгайлаштыруучулар - жаңы кыймыл-аракеттер менен чыгышты.
2. Коргоочулар - өздөрүнүн абалын коргошту.
3. Негизге кайтуучулар - бүткүл өзгөрүүлөрдүн критерийи катары Куранды жана Сүннөттү гана эсептешти.

XVI кылымда Ислам дини башка жерлерде дагы өзүнүн активдүүлүгүн күчөткөн. Монгол султандарынын башчылыгында Ислам дини Индия өлкөсүндө тездик менен жайылды. Түндүк Индияны басып алып башкарган Орто Азиялык Бабур Шахтын небереси Акбар шах башкаруунун белгилүү бир системасын түздү. Бул система диний мазмундагы толеранттулук принцибине негизделген эле, себеби, өлкөдө мусулман дининен башка көп сандаган адамадар жашай турган. Системанын пайдубалы катары эклектикалык теологияны колдонууну, башкача айтканда, ошол элдердин диний ишенимдеринин принциптеринен тандап алуу аркылуу курууну көздөдү. Буга окшогон прогрессивдүү окуяларды Ислам динин салттуу аң-сезим, менен түшүнгөн мусулмандар Ислам вахийинин (ыйык кабар) таасирин азайтуу жана туура жолдон адашуу катары мүнөздөшкөн. Бул учурда аалымдар өз милдеттерин жоопкерчилик менен сезишип, оңтойсуз абалды оңдоого күч-кубат жумшашкан. XVI-XVII к.к.-да Ислам дининин зоболосун бийиктеткен, бирок, мунун себеби өзөктөн баштап өзгөрүү да, эски үрп-адат да болгон эмес. Ислам дининин өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн нерсе салт-санаанын бекем зымдары болуп саналат. Бул өсүп-өнүгүүнү «жаңылык» деп айтабыз, бирок көкөлөп өскөн маданияттын жыйынтыгы катары эсептешибиз толук мүмкүн.

Алла тарыхтын белгилүү бир мезгилинде атайын жол башчы жиберүү менен адилетсиздиктен тажаган дүйнөнү адилеттүүлүккө сугарат. Анын аты

«Мехди» болот. Мехдинин кайтып келүүсү жөнүндөгү ой-пикирлер толугу менен Шиилике иштелип чыккан. Сүнний аалымдарынын күмөн саноолоруна карабастан, Мехдини күтүү Ислам双 дининде өзгөчө мааниге ээ болду. Мына ушул түшүнүк жаңылануучу идеясына тоскоол болгон. Буга карабай Ислам сүннийлердин арасынан жаңылануу кайрадан жаралуу талабын сезген инсандардын саны артып, Мехдилик жөнүндөгү айтылган ой-пикир өз кубатын жогото баштады. Ар бир кылымдын башында кандайдыр бир реформатор мужахир тарабынан жанылашуу (ойгонуу) процесси жүргүзүлө тургандыгы белгиленген. Бирок, бул реформатор Мехди сыяктуу келишкис деп түшүнүлгөн эмес.

Ислам дининин каада-салтындагы мындай активдүү иш-аракеттер мусулман үммөтүнүн өнүгүшүндө динамикалык ролду ойногон жана ушул жол менен гана Ислам дини өзүнө жасалган ар түрдүү тоскоолдуктарга чечкиндүүлүк менен мамиле жасап, жеңишке жетти. Коргонуучулук себебинин негизинде өсүп чыккан аалымдардын көпчүлүгү жетишилген ийгиликти өз калыбында сактап калуу аракетинде болушту. Вахий толук түшүрүлүп бүткөндүгүн айтышып, динге эч кандай өзгөртүү киргизүүгө болбойт дешти. Ошонун негизинде аалымдар өздүрүнө келип жеткен шарият системасын сактоону өздөрүнүн жоопкерчилиги катары эсептешкен. Ошентип, жаңыланууга үмүтсүздүк менен карашты. Бул нерсе калк арасында дагы жайылды, б.а. эл прогресске жана жаңылашуу процессине карата пессимистик көз караште болду. Жаңы чечмелөөлөрдө, кайрадан жаралуу ой-пикирине каршы колдонушту. Алар Курандын өзгөрбөй турган нерселерди айткандыгын ырастоого белсеништи. Буга окшогон пикирлер харижийликтен баштап Ислам дини өкүм сүргөн бүткүл доорлордо болуп келген. Ал эми Аббасийлердин убагында, бул «катуулук» Сүнний мусулмандарынын бир бөлүгү болгон Ханбелийлер жана бул мазхаптын куруучусу Ахмед бин Хамбаи тарабынан жактырылган болчу. Кийнчерээк бул көз караште Ибни Теймийе дагы уланткан. Бул агымдын өкүлдөрү далил катары эсептелген аят жана хадистерди акыл менен чечмелеп түшүндүрүүгө, аларга эч өзгөртүүсүз кандай болсо ошондой абалда кабыл алуу керек экендигин айтышкан жана бул көз караште терең түшүнгөн. Алар өз принциптерин иш жүзүнө ашырууда Ислам дининин өзөгүндө жаткан негизги маңызды эч качан эстен чыгарбоонун аракетин да көрүшкөн. Алардын оюу боюнча, жаңы дүйнөдө болуп жаткан окуучулар Ислам дининин жок болуусуна алып келүүсү ыктымал. Мына ошондуктан, алар реалдуу өзгөрүүлөрдү Ислам түшүнүгүнө ылайыкташтырууга аракет кылышат. Бул болсо асыл негизи кайтуу катары түшүндүрүлөт. «Коргоочулар» болсо Ислам динин өздөрүнүн салт-санаасынын чениде кабыл алышат, аны ошол абалда жашашат. Мына ушундай консервативдүү түшүнүктүн кесепетини 16-кылымдан баштап Ислам дүйнөсү илим-билим, маданият жана технология тармактарында Европа мамлекеттеринен көлөкөсүндө калып келген. Бу мезгилде Европа жогоруда санап өткөн тармактар өтө ылдамдык менен өнүгүп, жаңы технологияларды жасап чыгаруу менен алек болчу. Ал эми бул технологиянын үзүрүн ошол мезгилдеги батыштык пираттар жана баскынчылар ийгиликтүү пайдаланышкан.

Мына ошентип, артыбызда калган эки кылым Ислам өлкөлөрүндөгү жетишпестиктин, артта калуучулуктун доору катары тарых барактарында жашап калды. Осмон империясын сактап калуу мүмкүн болбоду.

Ислам дүйнөсү жаңычыл көз караш менен мурдагы багыттардын ортосундагы күрөштүн кутулгус майданына айланды. Эмне үчүн Ислам өсүп-

өнүгүп, өзгөрүп жаткан дүйнөнүн негизги өзгөрүү талаптарына жооп бербейт? деген суроо талаштын негизги маселеси болуп калды. Кайрадан анализдөө процессинин негизинде жаңылыктар шарданындагы өзгөргөн дүйнөгө карата Ислам дини ойлогондон дагы кубаттуу экендеги таасын билинди. Батыштык саясий идеологиясы жана аскер күчү менен болгон күрөштөр Исламий өнүгүүнүн түпкү динамикалык күчүн алсыратканы менен биротоло жок кылууга күч-кубат жеткен эмес. Ошондой болсо дагы ата-бабадан улам келген Исламий салт-санаа жабыр тарткан, ошол себептүү азыркы учурда « салт-санаадан кийинки» Ислам коомчулугу келет деген көз карашда бар. Азыр «Ислам дини эмне үчүн ийгиликке жетише албады?» - деген собол салуу туура эмес, негизги сурала турган суроо: «Ар түрдүү шарттарда Ислам дининин жашоосун камсыз кылган негизги факторлор, принциптер кайсылар болуп эсептелет:» - десек жаңылышпайбыз, себеби Ислам дининин ийгиликтен кол жуугандыгы жөнүндө кеп козгоо туура эмес. Ислам дини өз жашоосун улантууда.

Биз жашап жаткан кылымда пайда болгон жаңы процесстер менен Исламий элементтер бири-бирине таасир беришкен. Кайрадан жандануу кыймылдары жана суфизмдин жаңы кыймыл аракеттери пайда болууда. Европанын экономикалык жана саясий идеологисы жана системасы Ислам дүйнөсүнө абдан чоң таасирин тийгизүүдө. Мына ушул экономикалык система Орто Чыгыш өлкөлөрүнүн соодагерлери менен өндүрүүчүлөрүнө жаңы мумкунчулуктөрдү түзүп берди жана аларды жаңы рынокко алып чыкты. Жогорку сапаттагы товарлардын Ислам өлкөлөрүнө таможнялык текшерүүсүз контробанда жолу менен келүүсү, Европа мамлекеттеринин байышында жана чоң суммадагы байлыктын тегеренүүсүндө эң маанилүү ролду ойногон. Бул өзгөрүүлөр колунда барлардын пайдасына болгон, алардын казынасыналарына абдан көп киреше кирген. Мына ушул себептен алар экономикалык системаны өзгөртүүдө борбордук башкаруу бийлигине өтө күчтүү таасир этишкен.

XVIII кылым бүткүл Ислам дүйнөсү үчүн өтө маанилүү доор болду, себеби бул кылымда Ислам өлкөлөрү жанданып, жаңы маани-мазмунда калыптануу процессин башынан өткөрдү. Кайрадан жаңы бүчүр байлап жаткан бул доорго өз мөөрүн баскан бул өсүп-өнүгүүлөрдү жакшылап изилдеп көргөндө, сөөгү катып, калыптанып калган саясий системаларга Ислам дини жергиликтүүлүк жана өзүнө таандык өзгөчөлүк менен каршы турганын көрөбүз. Кээ бир учурларда саясий лидерлер тарабынан жүргүзүлүп жаткан реформаларга «коргоочулардын» каршы чыгуулары, кээ бир учурда болсо социалдык жана моралдык маанайда жаңылануунуу максат кылышкан кыймылдар үчүн Ислам чыныгы булак түрүндө колдонулган. Бүгүнкү мусулмандардын акыл жүгүртүү өзгөчөлүктөрүндөгү Исламий элементти түшүнүш үчүн, бул кылымдын көптөгөн тажрыйбасына бир көз жүгүртүшүбүз керек. Бул доордогу Ислам дүйнөсү өсүп-өнүгүү жолундо өзүнүн активдүүлүгүн жоготкон, батыш жүргүзүлгөн ой-пикирлеринин таасиринде калган анын бийлиги астындан багытталган жана ушулар аркылуу жаңыланган абалда эле. Бул таасир азыр да уланууда.

Ислам дүйнөсү XIX кылымда мурдагыдан дагы коопту жана токтоосуз өсүп олтурган карама-каршылыктарга туш келди. Кеңири кулач алып жайып жаткан Батыш Европалык мамлекеттер жана алардын экономикасы Ислам дүйнөсүн да өз ичине алган дүйнөлүк процесстерде өзгөчө таасирдүү роль ойногон, көптөгөн мусулман өлкөлөрү түздөн-түз же болбосо кыйыр мааниде

Европа мемлекеттеринин колонияларына айланган. Ошол себептүү эски жашоо мүнөзү менен жаңы жашоо түрү кагылышып, Исламий жана модерндешкен абал бири-бирине бетме-бет келишкен. Бирок жаңы реформаларды жүзөгө ашыруу али мүмкүн эмес болчу. Бул өнүгүү акыр түбү мусулмандардын экономика жана саясий тармактарда болгондой эле идеологиялык багытта да Европа мемлекеттеринин окумчул бийлигине баш ийүүго алып келди.

Мындай өсүүлөргө диний жана каада-салтка таянган каршы чыгуулар көбөйдү. Бул аракеттер бийилик тарабынан басып жок кылууга аракет кылынганы менен мусулмандар өздөрүнүн өндүрүшүндө үрп-адатын көздун карегиндей сактоо жана өзгөргөн шарттарды өздөштүрүүдөгү активдүүлүгү менен айырмаланышып, жаңы кыймыл-аракеттерди уюштура баштады. Кээ бири ийгиликтүү аяктады, ал эми кай бири ийгиликтен кол жууп, көздөгөн максатка жете алышпады. Мисалы Европанын экономикасынын жана аскердик күчүнүн жайылуусун токтотуу үчүн жүргүзүлгөн иш-аракеттер максатына жетпеди. Натыйжада бүткүл Ислам дүйнөсү Европа мамлекеттеринин көзөмөлүнө кирди.

XIX.кылымдын башында Ислам дүйнөсүнүн бардык коомчулугунда өзгөрүүлөр болуп өттү. Жаңы план, жаңы программа жана жаңы моделдер түзүлдү. Ошол мезгилде көптөгөн аалымдар, илимпоздор, философтор өсүп чыгышкан жана Ислам дүйнөсүн мындан ары өнүктүрүүнүн жолдорун издешкен. Алар төмөнкүлөр.

Рыза Бедевий Рази эт-Тахавий (1801-1873) Ата-Мекенди сүйүү, маданият, Ислам жана акыл-эс, укук жана шарият деген темадагы макалаларды жазган, жаңы идеологиялык агымдар менен Ислам дининин ортосунда эч кандай карама каршылыктардын жоктугун, тескерисинче алар өз ара жардамдашууга негиз сала турган түшүнүктөр болуп саналаарын айтып өткөн.

Сейид Жамаледдин Афганий (1838-1897). Дин жана өнүгүү, илим жана өнүгүү,Ислам дининде жардамдашуу деген темаларды изилдеген.

Мухаммед Абдух (1849-1905). Ислам акыл-эс жана маданият багытында эмгектенген.

Али Абдураззак (1888-1966). Халифат жана бийликтин негиздери, рисалат (пайгамбарлык, элчилик) жана бийлик жүргүзүү, Исламдагы саясий авторитеттүүлүк өңдүү жаңыдан пайда болуп жаткан жаны саясий көз караштарды Ислам дини менен салыштырган.

Сир Сайид Ахмед Хан (1817-1898). Индиядагы бул агымдын жолдоочусу болгон. Ал Ислам дининин, аң-сезимдин эч бир принцибине терс келбегендигин айтып, жаңы билим менен эски билимди аналитикалык негизде изилдеген жана жаны келам илими учурдун талабы экендигин да баса белгилеп өткөн.

Чырак Али (1844-1931). Ислам жана Түркия өнүтүнөн адилеттүүлүк түшүнүгүн изилдеп чыккан.

Решид Рыза (1865-1935). Ислам дининдеги элди-жерди сүйүү жана коомдошуу жөнүндөгү ой-пикир, көз карашты изилдеген.

Эмир Шекип-Арслан (1869-1946). Ислам дүйнөсүнүн чогуусу жана анын себептери изилдеген.

Сати аль-Хусрий (1880-1964). Ислам жана арапб биримдиги; Ахмед Лутфи эс-Саййид (1872-1963)- Египеттик болуп; Гаха Хусейин (1889-1973)-Енипеттин эгемен маданияты сыяктуу улуттук мазмундагы темалар Ислам дини менен айкалыштыруудагы проблемалар кайсылар жана аларды кандай жол менен чечүү керек экендигин жаңы ой-пикир, көз караштары менен айтып чыгышкан

Мухаммед Икбал (1875-1938). Мусулман үммөтүнүн эгемендүү

мамлекети, Мевдудий (1903-1979) болсо улутчулдук түшүнүгүн жана Ислам менен байланыштуу башка аспектилери изилдишкен.

Ал эми Ислам жана социализм деген теманын Шейх Махмуд Шелтут (1892-1963), Мишел Эфлак, Садык аль-Азм (1936), Мусафа Сыбан (1965-1964) жана Сайид Кутуб дегендер изилдешкен.

Абид Хусейин (1886-1978), Мухммед Нувейхи (1917-1980) жана Мустафа Махмуд (1921) болсо секуларизим түшүнүгү жөнүндө көбүрөөк ой жүгүртүп, эмгек жазышкан.

Супхи Махмасани (1911) менен Асаф А.А. Фейзи (1899) Ислам укугун азыркы мезгилдин талаптарына жооп бере турган даражага жеткирүү максатында эмгектенген адамдардын ичинен орун алган.

Айрыкча Ислам динииндени үй-бүлөөнү пландоо, жер реформасы, аялзаты менен үй-бүлөнүн, өзгөрүлмө статусу, Ислам жана экономика, өнүгүү, бакубат өлкө, мүлк, Ислам (мамлекети) сыяктуу темалар көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурду .

XXI кылымдагы драматизмге жык толгон бир өзгөрүү болуп жалпы мусулман үмөтү ар кандай улуттук мамлекеттерге бөлүнүүсү эсептелет. Бул болсо, Ислам дининин өзөгүндө мусулман умотурун пайдасы үчүн болгон көрүнүш эле, мусулмандар мурда мындай нерсени баштарынан өткөрүшпөгөн . Ислам дини өзү менен кошо улут, уруу өңдүү чектүүлүктөн үмөт деген улуулукка алып баруучу жолду көрсөтүп ала келген . Ар түрдүү тилдерде сүйлөшкөн мусулмандардын ичинен тузулгон адабий агымдар өз мүчөлөрүнө диний ишеничтин ордуна маданият жана тил орнотуунун көздөгөн жаңы мүнөздөгү бир жараянын пайда болушуна алып келди.

Өзүлөрүнө гана таандык, өз ичине географиялык өзгөчөлүктү дагы камтыган маданий мурастар, этникалык жана тилдик өзгөчөлүктөр жаңы мүнөздөгү коомдук аң-сезимдин негизин түзүп калды. Чечмелеп айтканда, жаңыдан калыпталган улуттук аң-сезим боюнча, саясий байланыштар көпчүлүк улуттарды өз ичине алган үммөттүүлүккө эмес, улуттук коомчулукка негизделмекчи. Мына ошентип, улут менен уммот түшүнүгүнүн ортосундо жек көрүүчүлүк сезими туулду. Бул болсо Батыш мамлекеттердин «басып алуу» принцибине шарт түзүп, кызмат өтөгөн. Жаңы пайда болгон саясий мемлекеттердин чек аралары жасалма (формалдуу) түрдө колонизатор мемлекеттердин каалоосуна шайкеш белгиленген.

Батыш өлкөлөрү бул мемлекеттердин улутчулдук жана анти империалисттик мүнөзүн эч жактырышкан эмес. Алар Ислам биримдигинен гана ажырашпастан, батыш бийлигинен дагы кутулуп эгемендүүлүккө жетишине ошол касиеттери себепкер болгон.

Ислам дүйнөсүндөгү улутчулдук кыймылдар өсүп өнүгүшү акыр, түбү 1923-ж. халифаттын жыгылышына алып келген. Чын чынына келгенде, халифат бул даражадан, б.а. үммөттүн саясий биримдигин таасирдүү символу болуу артыкчылыгынан 1258-ж. монголдор Багдат шаарын басып алганда эле ажырап калышкан. Бирок бул жолкусунда тышкы кол салуу эмес, ички саясий бытырандык себепкер болгон.

XIXкылымдын биз белгилеп өткөн мезгилинде калыпталган бир канча кыймылдар бар. Алардын ичинен «ыңгайлаштыруу» идеясы биринчи Дүйнөлүк согуштан 1960-жылдардын ортосуна чейин созулган өтө таасирдүү идеялардан болгон.

Ошондуктан, Ислам модернизми мына ушул мезгилдин эң маанилүү

учуру болуп калды. Бирок мунун түпкүрүндө Батыштык идеологияга болгон «коргонуу» (апологет) сезими жаткан. Жалпынын жактырган жолу катары, ой-пикир активдүүлүгү менен рационалдуулукка караганда, толук мааниде түшүнүү мүмкүн болбогон тарыхый романтизм күч ала баштаган. Бул «коргоочулардын» ичинен кээ бирөө акыл-эстин бардык нерседен улук тураарлыгын баса белгилешип секуляризм түшүнүгүнүн келип чыгышында чоң роль ойношту. Ал эми башка бир бөлүгү болсо бардык күч-кубатын Ислам динин жаңыдан куруу үчүн жумшашты. Алардын кылган иштери Ислам динин түпкү нукка б.а. негизги булакка жараша жашоого негизделген Бул багыттардын баарында тең Исламий элементтердин барган сайын өз күчүн жогото баштагандыгы байкалат. Ислам биримдигине үндөө Исламды аламдык пландоо түшүнүүгө жана ошонун негизинде саясаттан бир топко бөлүнүүгө дуушарланткан. Ошол эле учурда адамдардын аң сезимине таңууланган, алардын көзүн боегон «жол башчы түшүнүгү пайда болуп, Исламий мүнөздөгү реформатор лидерлердин кеңешин күтүшкөн. Адамдарда мурдагыдай мехди жана мужаддид күтүү сезими ойгонгон, бирок бул жолу башкача жаны образ түрүндө иштелип чыккан.

XX к.дын акыркы шарттардын өзгөрүүсү менен жаңылыктарга жык толду. Өлкөлөр ортосундагы карым-катнаш бара-бара күчөй баштады. Саясий элита диний жактан төмөнкү катмарды түзгөн жалпы калкка болгон көзөмөлдөөсүн жогото баштады. Колониялык саясаттын негизинде пайда болгон мамлекеттердин көпчүлүгү улуттук интергрaция проблемаларына тумшугушту. Бул интергрaцияда Ислам дини негизги ролду ойноду.

Тарыхый процесс ичинде пайда болуп өсүп өнгөн ыңгайлашууга, модернизмге (жаныланууга), кылымдар бою жашалып келген Ислам динин салттарына бекем турууга жана динди чыныгы өзөгүнө, түпкү маңызына төп келтирип жашоого аракет кылган кыймылдардын баары тең бир жерде биригишет, себеби, бардыгынын негизги максаты-Ислам динин пайгамбарыбыздын убагындагы биримдикке, ынтымакка жеткирүү болуп саналган. Мына ушул нерсе Ислам дининин бүгүнкү күндөгү аблын чыныгы түрдө элесте билүүгө жардам бермекчи. Ал эми муну ишке ашыруу канча убакыт ала тургандыгы жана кандай боло тургандыгы жөнүндөгү маселе Куттуу жумалыктын эң негизги темасы болмокчу.